**ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 07.20.624 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК: 902.6 (575.2) (043.3)

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович**

# ОРУСИЯЛЫК АРХЕОЛОГ Ю. С. ХУДЯКОВДУН КЫРГЫЗ ТААНУУГА КОШКОН САЛЫМЫ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2022**

Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи**: **Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетович -** тарых илимдеринин доктору, профессор, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору.

**Расмий оппоненттер:** **Айдаркул Каана -** тарых илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын профессору.

**Кожобеков Муратбек Чалакеевич -** тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык факультетинин Тарых бөлүмүнүн профессорунун милдетин аткаруучу.

**Жетектөөчү мекеме**: Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнография кафедрасы (714000, Ош ш., Ленин көч., 331).

Диссертациялык иш 2022-жылдын 25-февралында саат 13-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51а. Диссертациялык коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d_0-v8c-sok-bto

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51а) менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин «arabaev.kg» сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 25-январында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң жана мурдагыдай бир гана партиянын идеологиялык үстөмдүгү жана расмий цензурасы биротоло жоюлгандан кийин, Кыргызстандын бардык тарыхый баскычтарын калыс, бейтарап изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн арасында кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаралган шарттар да бар.

Дал ушул жаңы кырдаалда постсоветтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жатат. Өткөөл доордо кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жаткандыгы – мыйзам ченемдүү. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер өзөктүү талаш-тартыш чордонун түзүп келет.

Энесайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын тарыхый жалпылыгына, “кыргыз” этнониминин келип чыгышы маселелерине, Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш аймактардагы кыргыздардын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий, аскердик тарыхына байланыштуу маселелерди, археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келген чыгаан инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, Орусия Федерациясынын Илимдер академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун жетектөөчү илимий адиси, Новосибирск мамлекеттик университетинин Гуманитардык факультетинин Археология жана этнография кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков (08.12.1947 – 24.12.2021) болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С.Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде ыраатту чагылдырылган.

Илимпоз Ю. С. Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди тактоо - заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн ургаалдуу

зарылчылык болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** — профессор Ю. С. Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдеп, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон салымын талдап көрсөтүү.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлат:

1. Ю. С. Худяковдун кыргыз таануу илими боюнча ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасын иликтөө;

2. Окумуштуу Ю. С. Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоо;

3. Профессор Ю. С. Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин жана анын кыргыз тарыхынын талаш маселелери боюнча көз караштарын иликтөө;

4. Профессор Ю. С. Худяковдун Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын иликтөө;

5. Профессор Ю. С. Худяковдун кыргыздардын жана “кыргыз” этнониминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоо;

6. Профессор Ю. С. Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактары жаатындагы изилдөөлөрүнө сереп жасоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Окумуштуу, археолог, кыргыз таануучу, профессор Ю. С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденди;

2. Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю. С. Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды.

3. Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, маданий жана башка тарыхый жалпылыктары Ю. С. Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилденди;

4. “Кыргыз” этнонимин тарыхый-этнографиялык, археологиялык, лингивистикалык изилдөөлөрдүн учурдагы акыбалына илимий анализге алынды;

5. Ю. С. Худяковдун кыргыз таануу илимине, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө кошкон салымына салыштырмалуу илимий талдоонун негизинде алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде жалпыланып баа берилди.

**Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий жана практикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары бири-бирине тыгыз байланышкан Теңир-Тоо, Энесай, Борбордук жана Ички Азия чөлкөмдөрүндөгү кыргыздардын этностук, этномаданий жана саясий байланыштарын иликтөөдө, жалпы эле кыргыз улутунун жана кыргыздарга тектеш башка түрк тилдүү калктардын жалпы тарыхын, археологиясын, этнологиясын жана этнографиясын үйрөнүүдө колдонула алат. Ошондой эле, изилдөөдөн келип чыккан тыянактар профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү ээлеген ордун жана аткарган ролун, ошондой эле, жалпы Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын тарыхын изилдөөгө кошкон бараандуу салымын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин даярдоодо көмөкчү болот. Андан тышкары, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнаамасы курстарын түзүүдө жана бул жаатта заманбап мультимедиалык колдонмолорду жаратууда баалуу материал катары колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Профессор Ю. С. Худяковдун мыкты окумуштуу – кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары ата-тегинин, үй-бүлөсүнүн таасири тийген.

2. Байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча айтылган Ю. С. Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары илимий негиздүү;

3. Ю. С. Худяков “кыргыз” этноними жаатындагы өз бүтүмдөрү жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн “хакас” этнониминин профессор Л. Р. Кызласов тарабынан “байыркы этноним” катары бир беткей көз караштын таңууланышын ырааттуу сынга алуусу аркылуу “кыргыз” этноними жаатындагы орус тилдүү илимий чөйрөдөгү талкууда объективдүү турумду калыптандырууга зор салым кошкон;

4. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгын профессор Ю. С. Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө жетишкен.

5. Кыргыздардын жана башка көчмөн этностордун аскер өнөрүн, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю. С. Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү ар тараптуу мамиле болуп саналат.

6. Профессор Ю. С. Худяков Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, аскердик өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча археологиялык жана этнологиялык маалыматтарга негизделген илимий жоболорду калыптандырып, илимий мектепти (анын ичинде анын Кыргызстандагы бөлүмүн) түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагы, биринчиден, кыргыз таануу жаатында, б.з.ч. I миң жылдыктан — б.з. XVIII кк. чейинки мезгилди камтыйт. Экинчиден, инсан таануу жаатында, XIX кылымдын соңунан — XXI к. башына чейинки мезгилдеги Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегинин жана өзүнүн өмүр жолунун жана чыгармачыл ишмердигинин урунттуу окуяларын кучагына алган убакытты камтыйт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иш – байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз таануунун өзгөчө проблемалуу болгон Теңир-Тоо жана Энесай кыргыздарынын этносаясий, этномаданий, социалдык-экономикалык ж.б. тарыхы боюнча маселелери, профессор Ю. С. Худяковдун илимий изилдөөлөрүнүнө сереп салуунун алкагында иликтөөгө алынды. Илимий иште инсан таануу багытындагы иликтөө аталган чыгаан илимпоздун жекече өмүр таржымакалынын урунттуу учурларын атайын изилдөө аркылуу жүзөгө ашырылган. Бул изилдөө заманбап кыргыз таануудагы худяков таануу багытын ачып берген башаттык салым болуп эсептелет. Демек, бул диссертациялык эмгекте Евразиянын кеңири аймактарындагы кыргыздардын жана аларга жуурулушкан же алардан жиктелип чыккан топтордун этностук тарыхы алгачкы жолу худяков таануу өңүтүнө ылайык ар тараптуу изилдөөгө алынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы:** Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык илимий конференцияларда жана илимий журналдар менен жыйнактарда (Орусия, Украина, Кытай, Казакстан), бир катар республикалык илимий жыйындарда, Кыргызстан менен Казакстанда окулган дарстарда, семинарларда, илимий форумдарда жана коомдук жыйындарда апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда жарыяланышынын толуктугу.** Диссертациялык илимий иштин негизги мазмуну Кыргыз Республикасынын УАКы сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик илимий басылмаларда жана эл аралык, республикалык илимий конференциялардын жыйнактарында жарыяланган илимий макалаларда кеңири камтылды. Жалпысынан диссертациянын темасы боюнча 22 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталып, илимий изилдөөнүн жаңылыгы берилген, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу негизги жоболор аныкталган.

Биринчи бап **"Ю. С. Худяковдун кыргыз таануу илими боюнча ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы"** деп аталат. Биринчи баптын **"Ю. С. Худяковдун илимий, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы"** деп аталган биринчи бөлүмүндө чыгаан тарыхчы, археолог, кыргыз таануучу Ю. С. Худяковдун өмүр жолу, илимий, педагогикалык ишмердүүлүгү жана кыргыз таанууга кошкон салымы боюнча жарык көргөн илимий эмгектерге иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин карап жатып, илимий эмгектердин мазмунуна карап, тарыхнаамасын эки топко бөлүп кароо керек: Ю. С. Худяковдун өмүр жолу, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы жана Ю. С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон салымынын тарыхнаамасы.

Ю. С. Худяковдун өмүр жолу, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тарыхнаамасы. Кыргыз окумуштууларынын ичинен Т.К. Чороев (Чоротегин) (2017) Ю. С. Худяковдун өмүр жолу, ата-теги тууралуу изилдөөлөрүн жүргүзүп, бир катар илимий, публицистикалык макалаларын жарыялаган.

Ю.С.Худяковдун окумуштуу болуп калыптанышы, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү, кыргыз таануудагы салымдары боюнча М. Кожобеков (1989), К. Табалдыев (2017), О.Солтобаев (2017), Ж. Абдиева (2017), З. Ажыматов (2017), А. Ю. Борисенко (2017), Ж. Дүйшеев (2017), К. Жусупов (2017), М. Жусупова (2017), К. Коңкобаев (2017), М. Мамбетакун (2017), Ж. Өмүрова (2017), Чарлз Карлсон (2017) ж.б. окумуштуулар ар кыл илимий макалаларында белгилешкен.

Профессор Н. А. Томилов (2018) Ю. С. Худяковдун Түндүк, Борбордук жана Чыгыш Азиянын калктарынын тарыхын жана археологиясын

изилдөөдөгү илимий жетишкендиктерине көңүл бурат.

Ю.С. Худяковдун археолог окумуштууларды жана курал-жарак таануучуларды даярдоодогу салымы тууралуу Л.А. Бобров (2017), В.В. Горбунов (2017), А.А. Тишкин (2017), О.А. Солтобаев (2017), К.Ш. Табалдыев (2017), Г.Ө. Эсеналиева (2017) ж.б. тарыхчы, археологдор илимий макалаларында белгилешет. Ю. С. Худяков Сибирде жана Борбордук Азияда анын ичинде Кыргызстанда курал-жарак мектебинин негиздөөчүсү жана жетекчиси болуп саналат. Бул илимий мектептин өкүлдөрүнүн изилдөөлөрүнүн өзгөчөлүгү Ю.С. Худяков иштеп чыккан көчмөн этностук топтордун жана маданияттардын аскердик иштерин изилдөөнүн комплекстүү аналитикалык моделин жана ушул моделге ылайыктуу курал буюмдарын классификациялоонун принциптерин пайдалангандыгы эсептелет.

Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон салымынын тарыхнаамасы. Тарыхчы, профессор Т.Н. Өмүрбеков (2017) Ю.С. Худяковдун дээрлик 40 жылда кылган эмгегине атайын сереп салып, анын кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы өзгөчө бай тарыхын илимий изилдөөгө өтө зор салым кошконун белгилеген. Тарыхчылар А. Асанканов (2017), В.Я. Бутанаев (2017), Т. Кененсариев (2017) профессор Ю.С. Худяковду энесайлык, теңиртоолук кыргыздардын, түрктөрдүн, дегеле Борбордук Азиянын элдеринин орто кылымдагы курал-жарактарынын комплекси, аскердик иши, аскердик өнөрү ж.б.у.с. маселелерди археологиялык казуулардын негизинде терең жана ар тараптан изилдеген окумуштуу катары терең сыпатташат.

Кыргыз этносунун этностук тарыхын изилдөө багытында айрыкча олуттуу салым кошкон окумуштуулардын көч башында профессор Ю.С. Худяков турат. Ю.С. Худяковдун кыргыз этносунун тарыхы маселесине арналган иликтөөлөрүнө М.Ч. Кожобеков (2017), Т.К. Чороев (Чоротегин) (1997), Ж.О. Өмүрова (2017), З. Садырова (2017) ж.б. окумуштуулар баа беришкен.

Биринчи баптын **"Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый этностук, маданий жалпылыктарынын тарыхнаамасы"** деп аталган экинчи бөлүмүндө чыгаан кыргыз таануучу, археолог, профессор Ю.С. Худяковдун изилдеген маселелерине анализ кылууда, алгач аталган маселелерди бул илимпоздон мурда изилдеген башка окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн тарыхнаамасы каралды.

Негизинен Түштүк Сибир, Ички жана Борбордук Азияда жашаган калктар, ал аймактарда табылган тарыхый эстеликтер, Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый-этностук жалпылыгы, маданий байланыштары изилдөөчүлөрдү XVIII кылымдан бери кызыктырып келет. Түштүк Сибирдин калктары боюнча алгачкы материалдарды

Д.Г. Мессершмидт (2012), кийинчерээк академиялык II Сибирь экспедициясынын катышуучулары Г.Ф. Миллер (1750), И.Г. Гмелин (2012), И.Э. Фишер (1774) жана Я.И. (Яков Иванович) Линденау (1983) ж.б. топтошкон.

XIX к. башында энесайлык кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоого көчүшү жана алардын теңир-тоолук кыргыздар менен байланышы тууралуу маселени Ю.Клапрот жана К.Риттердин эмгектеринде козголгон. Синолог Н.Я. Бичурин (1829) Теңир-Тоо жана Чыгыш Түркстан – кыргыздардын байыркы мекени, алар эч жактан көчүп келбестен, мурдатан ушул аймактарда жашаган деген көз карашын билдирген. Белгилүү окумуштуу Ч. Валиханов (1985) кыргыздардын көчүп келиши жөнүндө маселеге токтолуп, кыргыздар XVIII к. чейин эле Теңир-Тоодо жашаган деген пикирин билдирген. XIX к. ортосунда байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндөгү кытай булактарындагы маалыматтарды профессор В. Шотт (1865) жалпылап чыккан. Чыгыш таануучу, түрколог В.В. Радлов (1896) Теңир-Тоодо изилдөөлөрүн жүргүзүп, кыргыздар монгол дооруна чейин же монгол доорунда көчүп келген деген бир катар жоромолдорун билдирген. Көрүнүктүү окумуштуу Н.А. Аристов (2001) этнографиялык жана этнологиялык материалдарды анализдеп, байыркы кыргыздар усундардын жана энесайлык кыргыздардын ата теги деген жыйынтык чыгарган.

1925-жылы Н.Н. Козьмин (1925) Минусинск аймагынын жергиликтүү калкынын "хакас" деп аталышын, орто кылымдардагы "көчмөн кыргыздарды" жана "жер иштеткен хакастарды" бири-бирине каршы коюп, чечмелегенге аракет жасаган. 1926-жылы Г.Е. Грумм-Гржимайло (1926) Борбордук Азия боюнча жазуу булактарын жалпылап чыккан. Ал кыргыздардын келип чыгышын европеоддик раса менен байланыштырат.

Академик В.В. Бартольд (1927) өзүнүн 1927-жылкы жалпылама эмгегинде IX – X кк. кыргыздардын Чыгыш Түркстанды басып алышы убактылуу гана болгон, ал эми кыргыздардын толук көчүшү XV кылымга таандык деген көз карашын билдирген. Тарыхчы-археолог А.Н. Бернштам (1947) кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого байыркы доордон орто кылымдарга чейин көп баскыч менен көчүп барган деген көз карашын билдирген.

1956-жылы кыргыз элинин этногенезине арналган илимий жыйындын жыйынтыгында, кыргыз эли жана анын маданияты жергиликтүү ортоазиялык жана көчүп келген борбордук азиялык ар түркүн компоненттерден калыптанган деген тыянак чыгарылган.

1961-жылы К.И. Петров (1961) монгол доорунда "кыргыз" этнонимин кабыл алган Алтайдын кыпчак уруулары Теңир-Тоого көчкөн деген көз карашын билдирген. Чыгыш таануучу Ө. Караев (1966) IX–XIII к. Теңир-Тоо

аймагындагы этномаданий жана саясий жүрүмдөргө энесайлык кыргыздардын тикелей катышы бар деген пикирин билдирген.

XVII кылымдагы энесайлык кыргыздардын тарыхы С.В. Бахрушин (1955), А. Арзыматов (1966), А. Абдыкалыков (1968), Л.П. Потапов (1957), В.Я. Бутанаевдин (1989) эмгектеринде кенен анализденген.

1971-жылы С.М. Абрамзон (1971) этнографилык материалдарды жалпылап чыгарган эмгегинде, Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын жалпылыгы жок экени эбак эле белгилүү болсо дагы, археологиянын, тарыхтын, тилдин жана этнографиянын маалыматтарын тыкыр изилдегенде ачыкка чыккан алардын ортосундагы кээ бир этногенетикалык байланыштарды толук четке кагуу негизсиз, деген пикирин баса белгилеген.

Археолог Д.Г. Савинов (1990) археологиялык табылгалардын мисалында энесайлык кыргыздардын менен Теңир-Тоодо жашаган элдердин маданиятындагы окшоштуктарды көрсөткөнгө аракет жасаган. Ошол эле учурда ал Л.Р. Кызласовдун (1975) Теңир-Тоодо энесайдыкына окшош эстеликтер табылган жок деген оюна кошулат. Д.Г. Савинов энесайдыкына окшош археологиялык эстеликтердин жок болушу, IX кылымдын ортосунда кыргыздардын Теңир-Тоого келген деген көз караш туура эмес деген божомолун айткан. Бирок ошол эле учурда Саян-Алтай жана Теңир-Тоонун калкынын башка байланыштары болушу ыктымалдуулугун четке какпайт.

Этнограф В.Я. Бутанаев (1989) кыргыздардын Энесайдагы этностук тарыхы боюнча маалымат берген сибирдик этнографиялык жана фольклордук булактарды анализдеген.

Ю.С. Худяков (1982, 1986, 1989) илимий эмгектеринде кыргыз этносу Энесайдан Теңир-Тоого эки баскычта көчкөн деген пикирди колдогон. Биринчиси, IX–X кк. Энесайдан Чыгыш Түркстанга жана Монгол Алтайына көчүшү, II миң жылдыкта кыргыздардын энесайлык жана чыгыш түркстандык болуп эки этноско ажырашы. Экинчи баскычы – XV к. чыгыш түркстандыктардын Теңир-Тоого көчүп келиши.

**Экинчи бап "Изилдөөнүн булактык базасы, методологиясы жана методдору"** деп аталат. Бул баптын биринчи бөлүмү **"Илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети"** деп аталды. Чыгаан окумуштуу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган жалпы илимий эмгектери – илимий изилдөөнүн **объектиси** болуп саналат.

Профессор Ю.С.Худяковдун археолог, курал-жарак таануучу, этнолог жана башка өнүттөрдөгү көп тарамдуу ишмердигине баа берүү жана анын кыргыз таануу илимине кошкон салымын ар тараптуу талдоо – илимий иштин **предмети** болуп саналат.

Экинчи баптын экинчи бөлүмү **"Профессор Ю.С.Худяковдун өмүр**

**таржымакалын жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган булактар”** деп аталат. Белгилүү кыргыз таануучу жана археолог Ю.С.Худяковдун өмүр жолуна жана илимий иштерине арналган тарыхый булактар маалыматтык сактоо өзгөчөлүгүнө карата бир нече топко бөлүнүп, аларга талдоо жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн тарыхый булактары төрт топко бөлүндү.

*Биринчи топко* кыргыз таануунун ар кыл маселелерин чагылдырган Ю.С.Худяковдун илимий китептери жана көлөмдүү макалалары киргизилди. Аталган эмгектердин булак таануучулук баалуулугу, биринчиден, илимпоздун эмгектеринде энесайлык жана Теңир-Тоолук кыргыздардын этностук, маданий жалпылыгы, кыргыздардын маданияты, аскер өнөрү, курал-жарактары тууралуу жана башка кыргыз таануу багытындагы маалыматтар кенен чагылдырылат. Экинчиден, алар бул илимпоз кайсы фактыларга таянып, илимий жыйынтыктарды чыгаргандыгын ачып берүүгө кенен өбөлгө түзөт.

*Экинчи топко* Ю.С.Худяковдун өмүр жолу тууралуу жеке архивдик документтери, кинофотодокументтер киргизилди. Бул топтогу тарыхый булактар объективдүү маалыматтардын негизинде, илимпоздун өмүр жолун, илимий ишмердүүлүгүн чагылдырып бере алат. Мындай маанилүү булактарды Ю.С.Худяковдун жекелиги тууралуу документтери, археологиялык казуулар, чалгындоолор, илимий конференциялар ж.б. учурлардагы жашоо сүртүмдөрүн баяндаган сүрөттөрү, археологдун экспедиция учурунда тапкан табылгалары жана ошондой эле анын жеке колу менен тарткан сүрөттөрү камтылды. Бул булактар окумуштуунун өмүр таржымакалын, илимий ишмердүүлүгүн сүрөттөп көрсөтөт.

Диссертациялык иш үчүн булактардын *үчүнчү тобун* байыркы жана орто кылымдардагы бир катар кытай жылнаамалары (которгон Н.Я.Бичурин, Г.П.Супруненко ж.б.), руна сымал ж.б. чыгыш түрк (анын ичинде кыргыз) жазма эстеликтери, арап, перс, түрк жана башка тилдердеги (мисалы, анонимдүү «Худуд ал-алам», Гардизи, Махмуд Кашгари Барскани, Рашид ад-Дин ж.б.) эмгектер түзөт. Ю.С.Худяков алардын кеңири маалыматтарын өзүнүн илимий жоболорун иштеп чыгууда пайдаланган.

*Төртүнчү топтогу* булактарга Ю.С.Худяковдун өмүр жолун жана кыргыз таанууга кошкон салымын чагылдырган Кыргызстан менен Орусиянын мезгилдүү басылмаларынын жана массалык маалымат каражаттарынын, интернет ресурстарынын жана атайын чыгарылган илимий жыйнактардын материалдары түзөт. Бул багытта Ө. Караев, М.Ч. Кожобеков, Т.К.Чороев (Чоротегин), И.С. Болжурова, Т. Рыскулов ж.б. изилдөөчүлөр тарабынан профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырганга огожо болчу материалдар изилдөөнүн фактылык негизин байытып берүүгө өбөлгө түзөт.

Экинчи баптын үчүнчү бөлүмү **“Изилдөөнүн методологиясы жана методдору”** деп аталат. Профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымакалын жана кыргыз таанууга кошкон ар тараптуу илимий салымын изилдөөгө багытталган диссертациялык эмгектин башкы методологиялык негизи — тарыхыйлуулук принциби болуп саналат.

Чыгаан окумуштуу, археолог Ю.С. Худяковдун ата-тегин, өмүр жолун, анын окумуштуу катары калыптанышын инсан таануу багытында изилдөөдө тарых илиминдеги биографиялык ыкма кеңири колдонулду. Орусиялык профессор Н.И. Смоленский биографиялык ыкманын зарылдыгын мыкты ачып берген. Анын ою боюнча, тарыхый инсандын аракеттери жана анын коомдогу орду, тарыхый шарттардын мүнөзүнө, инсандын талантына, чөйрөсүнө ж.б. өңүттөргө жараша болот.

Ошондой эле, Ю.С. Худяковдун ата-тегин, тай журтунун таржымалын изилдөөдө үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу ыкмасы колдонулду. Бул ыкма Ю.С. Худяковдун ички инсандык, демографиялык феноменинин маңызын ачып көрсөтүү, биринчи кезекте, анын илимий ишмердикке шыктануусун аңдоо милдетин жүзөгө ашырууга огожо болду.

Негизги ыкмалардын бири – тарыхый-салыштырма ыкма болду. Орусиялык булак таануучу И.Д. Ковальченко айткандай, тарыхый изилдөөлөрдө тарыхый-салыштырма ыкма мурунтан колдонулуп келет. Ю.С. Худяковдун илимий изилдөөлөрүнүн баскычтарын жана илимий көз караштарын иликтөө жаатында калыс бүтүм чыгаруу үчүн дал ушул ыкма өзгөчө мааниге ээ болду.

Диссертацияда жалпы маселелерге жана тарыхнаама менен инсан таануунун айрым өзгөчө көйгөйлөрүнө карата хронологиялык ыкма колдонулду.

Тарыхый-типологиялык ыкма байыркы доордон жаңы доорго чейинки кыргыздардын курал-жарактарын типтерге бөлүп кароодо негизги усул катары каралат.

Кеңири жайылган жалпы илимий ыкмалардын бири – системалуу ыкма болуп саналат. Бул ыкма илимий ишти изилдөөдө аны бирдиктүү өнүккөн система катары карап, маселеге арналган илимий көз караштардын өнүгүүсүн, ар тараптуулугун ажыратууга мүмкүнчүлүк берди.

**Илимий иштин үчүнчү бабы “Профессор Ю.С. Худяков – кыргыз таануучу” деп аталат.** Үчүнчү баптын **“Профессор Ю.С. Худяков – илимпоз, педагог, устат”** деп аталган биринчи бөлүмүндө Ю.С. Худяковдун басып өткөн өмүр жолу жана илимий-педагогдук ишмердиги каралды.

Диссертацияда атайын иликтенип жаткан залкар илимпоз, археолог жана кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяковдун атасы – Сергей Алексеевич Худяков (1919–1984). Ал Орусиянын Европа бөлүгүндөгү Вятка жергесинен

Сибирге көчүп келген орус улутундагы Алексей Анисимович жана Дарья Тимофеевна Худяковдордун уулу болгон. Ю.С. Худяковдун энеси – Ирма Юльевна Геккер (1916—1994). Ал АКШдан Орусияга көчүп келген немис тектүү профессор Юлий Фёдорович (Теодорович) Геккер (1881—1938) менен Елизавета Павловна Геккердин (Элизабет-Шарлотте Юнкер; 1888—1962) кызы болгон.

Юлий Сергеевич Худяков советтик Орусиянын Кемерово облусуна караштуу Медвежка кыштагында 1947-жылы 8-декабрда төрөлгөн. Анын ысымын "Юлий" деп 1938-ж. атууга кеткен таятасы профессор Юлий Геккердин атынан аташкан. Энеси Ирма Юльевна колунан көөрү төгүлгөн уз жана сүрөтчү болгон. Юлийге энесинен сүрөт тартуу шыгы мурасталган. Кийин сүрөт тартуу өнөрүн Юлий археологиялык изилдөөсүнө байсалдуу колдоно алган. Атасы геолог болгондуктан, Юлий Түштүк Сибирдин ар башка жактарын жаштайынан кезген жана чөлкөмдөгү чакан этностордун турмуш шартын өзү көргөн.

1965-ж. Ю.С.Худяков Бурятиянын Тункин өрөөнүндөгү Кирен кыштагында кечки орто мектепти аяктаган. Андан соң ал Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ю.С. Худяков Хабаровск аймагында Ыраакы Чыгыш аскердик аба күчтөрүндө кызмат өтөгөн. 1969-ж. ал Новосибирск мамлекеттик университетинин (НМУ) гуманитардык факультетиндеги тарых адистигине тапшырган.

Ю.С. Худяков 1974-ж. НМУну тарых адистиги боюнча аяктап, ошол эле жылы НМУнун максаттуу аспирантурасына тапшырды.

Ю.С. Худяков кыргыздардын аскер ишин изилдеп жатып, археологиялык казуулардан жана музей коллекцияларынан табылган курал-жарак буюмдарын чогултууну жана системага келтирүүнү камтыган курал-жарак изилдөө моделин, материалдарды түрдөштүрүүнү, курал-жарак каражаттар комплексин, аскердик уюштуруу түзүлүшүн жана аскер өнөрүн реконструкциялоо усулдарын иштеп чыкты.

Ю. С. Худяковдун кандидаттык ишине академик А.П. Окладников жана анын шакирти А.П. Деревянко илимий жетекчилик кылышты. Аспирантурадагы ишин өз мөөнөтүндө аяктап, Ю.С. Худяков 1977-жылы кандидаттык диссертациясын "VI—XII кк. энесайлык кыргыздардын курал-жарактары" деген темада ийгиликтүү коргоду. Бул оригиналдуу диссертациялык эмгек 1980-жылы Новосибирскте "Энесай кыргыздарынын VI—XII кк. курал-жарактары" деген аталышта жарык көрдү.

1989–2000-жылдардын аралыгында Ю.С. Худяков Кыргыз улуттук университетинин, Кыргызстан Жаш тарыхчылар жамаатынын (андан соң Кыргызстан Тарыхчылар Коомунун), Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын, Кыргыз-Герман экспедициясынын ж.б. ар кыл

археологиялык экспедициялык курамында Кыргызстандагы талаа археологиялык изилдөөлөрүнө байма-бай катышты.

Ю.С. Худяков 1988-ж. "Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь көчмөндөрүнүн аскер иши (б.з.ч. II - б.з. X кк.)" деген темада доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргоду. 1991-ж. Орусиянын Жогорку аттестациялоо комиссиясы анын профессордук наамын тастыктады.

Орто кылымдардагы Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн коргонуучу соот кийимдеринин моделин жасоо жана аны сыноо Ю.С. Худяковдун акыркы мезгилдеги дагы бир абдан маанилүү изилдөө багыты болуп саналат. Бул иштер Новосибирск мамлекеттик университетинин базасында Ю.С. Худяков жана анын шакирттери Л.А. Бобров жана Ю.А. Филипповичтер тарабынан ишке ашырылды.

Ю.С. Худяков курал-жарак изилдөө багытында дипломдуу адистерди жана илимдин кандидаттарын чыгарды. Ю.С. Худяковдун жетекчилиги астында 17 аспирант жана изденүүчү кандидаттык диссертацияларын жакташты. Алардын ичинде Кубатбек Табалдыев, Ороз Солтобаев сыяктуу кыргыз шакирттери да бар.

Ю.С. Худяков 1971-жылдан 2021-жылдын соңуна чейин 40тан ашуун монографиясын жана окуу куралдарын, 1400дөн ашык макалаларын, илимий баяндамаларын, баяндама тезистерин илимий журналдарга, конференциялардын жыйнактарына ж.б. жарыялады. Анын илимий эмгектери Орусия, Венгрия, Германия, Польша, Казакстан, Кыргызстан, Кытай, Түштүк Корея, Монголия, Түркмөнстан, Түркия жана Украинада орус, кыргыз, англис, немис, кытай, монгол, түркмөн, түрк ж.б. тилдерде жарык көрдү.

Ю.С. Худяков көптөгөн археология боюнча монографиялардын жана макалалар жыйнактарынын редактору болуп иштеген. Алсак, "Известия СО РАН" жана "Гуманитарные науки Сибири", "Вестник НГУ" журналдарынын редколлегиясынын, Барнаулдагы Алтай мамлекеттик университети ж.б. шериктер демилгелеген "Чоң Алтай" илимий долбоорунун курамында иштеген.

Ю.С. Худяков илимий билимдерди жайылтууга абдан көңүл бурган. Ал илимий-популярдуу китептерди, энциклопедияларга, атластарга, илимий-популярдуу журналдарга жана газеталарга макалалар жарыялаган. Анын катышуусу менен археология жана көчмөн элдердин аскер өнөрү жөнүндө илимий-популярдуу фильмдер тартылган.

Ю.С. Худяков көп жылдардан бери "Археология" адистиги боюнча кандидаттык жана доктордук илимий даража алуу үчүн диссертациялык коргоодогу атайын кеңеште иштеген. Ал Кемерово университетинде жана Казакстан ИА Археология институтунда ушундай кеңеште мүчө болгон. Ал өмүрүнүн акырына чейин Орусиянын ИАсынын Сибир бөлүмүнүн

Археология жана Этнография институтунда жана Алтай мамлекеттик университетинде ачылган атайын диссертациялык кеңеште иштеди.

Ю.С. Худяков Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ардактуу профессору, И.Арабаев атындагы КМУнун Чыгыш тилдери жана маданияты институтунун ардактуу профессору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ардактуу чет элдик мүчөсү – академиги наамдарын алган.

Ага кыргыз тарыхына, кыргыз таануугa кошкон салымы үчүн Кыргызстандын жогорку расмий сыйлыктары: Кыргыз Республикасынын “Данакер” ордени (2002-ж.) жана Кыргыз Республикасынын Үчүнчү даражадагы “Манас” ордени (2016-ж.) ыйгарылган.

Профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымакалын терең изилдөө жалаң гана кыргыз таануучулар үчүн маанилүү болуп чектелбестен, жалпы Евразиянын чыгышынын тарыхын, көчмөндөр цивилизациясынын жана алтай дүйнөсүнүн тарыхын, көчмөндөрдүн курал-жарактарынын тарыхын изилдөөчүлөр үчүн да чоң мааниге ээ.

Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү **“Ю.С.Худяковдун байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын талаш маселелерине көз карашы”** деп аталды. Кыргыз тарыхында “кыргыз” этнониминин келип чыгышы боюнча илимпоздордун ортосунда толук тактала элек өңүттөр бар. Себеби Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын орто кылымдардагы жашаган элдеринин аталышы изилдөөчүлөрдүн арасында ар кандай аталып жүрөт.

Мындай талаш көз караштардын келип чыгышына эмне себеп болгонун тактоо менен, “кыргыз” этнониминин келип чыгышы боюнча илимпоздордун көз караштарына, тыянактарына профессор Ю.С. Худяков кайрылып, фактологиялык маалыматтардын негизинде өз пикирин айткан.

Профессор Ю.С. Худяков эмгектеринде «кыргыз» деген термин башка тилдерде жазылган тексттерде да ар түрдүү вариантта кездешээрин белгилейт. Мисалга алсак, кытай иероглиф жазууларында бул аталыш: хань тексттери үчүн - цзянь-гунь, тан тексттери үчүн - сяцзясы, юань тексттери үчүн – цзилицзисы.

Профессор Ю.С. Худяков «кыргыз» деген терминдин түпкү теги такталып бүткөн деп санаган. Ал “бардык белгилүү маалыматтар боюнча орто кылымдарда Түштүк Сибирде түрк тилдүү калк жашаган, алар өздөрүн “кыргыздар” деп аташкан жана башка элдерге дагы ушул эле ат менен таанылган” деген тыянак чыгарган. Ал эми Л.Р.Кызласов сыяктуу айрым окумуштуулар гана колдонуп жүргөн “байыркы хакастар” терминин профессор Ю.С. Худяков “тарыхый жаңылыштыктын жыйынтыгы” деп адилеттүү баалаган.

Белгилүү профессор Л.Р. Кызласов Түштүк Сибирдин жана Борбордук

Азиянын орто кылымдардагы жашаган элдерин «байыркы хакастар» же «орто кылымдагы хакастар» деп атаган. Анын мындай кадамга барышына кытай жазма булактарын XIX кылымда орус тилинде которууда “кыргыз” этнонимин “ся-цзя-сы” иероглифин Н.Я. Бичурин тарабынан “хягас” түрүндө берилгенинден улам келип чыккан.

Профессор Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде, илимге Н.Я. Бичурин тарабынан киргизилген “хягас” термини орус тилинде айтылышы жагынан жатыгыраак “хакас” болуп өзгөргөн деп белгилейт. Натыйжада 1923-жылдан тартып бул термин РСФСРдин курамындагы Хакас автономиялуу облусунун (азыркы Орусия Федерациясынын Хакас Республикасынын) жергиликтүү калкынын атын билдирген жаңы этноним катары айтыла баштаган.

Профессор Ю.С. Худяков руна сымал жазмалардагы чечмеленген жазууларга таянып, руна сымал жазмалар Энесайда «хакастар» жашаган деп айтылган доорлордо жалгыз гана кыргыздар тууралуу гана кабар кылаарын белгилеген. Мунун өзү, «хягас» деген терминди «кыргыз» этнониминин кытайча жазылган бир түрү деп эсептөөгө негиз берет. Академик В.В.Бартольд дагы «Хакас» термини жаңылыштан келип чыккан жасалма ат экенин айтып чыккан. Ал эми профессор А.Н. Бернштам Теңир-Тоо менен Түштүк Сибирдин кыргыз таануу маселелерине кайрылган бардык эмгектеринде жалаң гана «кыргыз» же «кыркыз» деп жазган.

Профессор Л.Р. Кызласов «хакас» деген сөз – орто кылымдарда Ортоңку Энесайда жашап турган ар кошкон элдин жалпы аты болуп саналат, ал эми «кыргыз» деген термин ошол байыркы хакастардын «башкаруучу», «династиялык, ак сөөктүк жамаатын» гана билдирет, деп санаган.

Чыгыш таануучу Ө. Караев эгерде VI – XII кылымдарда Минусин ойдуңун хакас аттуу уруулуу калк мекендеп турган болсо, орто кылымдардагы жазма деректердин жок эле дегенде биринде бул тууралуу сөзсүз эскерилмек, деп Л.Р. Кызласовду кескин сынга алып, ал доордо кыргыз деген гана эл болгонун жазат.

Белгилүү синолог С.Е. Яхонтов 1970-ж. так маалыматты келтирип, «хагасы» деген термин “кыргыз” деген сөздүн кытайча жазылыштарынын бир түрү болуп саналат. “хягасы” деген иероглифтик жазуу тыбыштык жагынан “хакас” деген сөздү эч түзө албайт», деп тастыктаган.

Жогорудагы мисалдардын негизинде Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде, орто кылымдардагы кытай жазмаларында «хакас» деген эч кандай этноним катталган эмес болчу, ал тек гана XX кылымдын башындагы орус тилдүү адабияттагы тарыхый чаташуунун туундусу деп баса көрсөткөн.

Мындан сырткары Л.Р. Кызласов «хакас» терминине байланыштуу «абакан татарлары» өздөрүн хакастар деп атабастан, өздөрүн хаастар жана сагай-хаастар деп аташкан деп билдирген. Ушундай айтымдардын негизинде,

Л.Р. Кызласовдун ою боюнча, аларды «хакастар» деп атоого болот.

Профессор Ю.С. Худяков болсо “хягасы” (ся-цзя-сы) жана «цзяньгунь» терминдеринин ортосундагы «айырмачылык» ойдон чыгарылган жасалма маселе экенин баса көрсөткөн. Л.Р. Кызласов айтып жаткан «абакан татарларына» келсек, алардын чынында эле энчилүү аты болгон, бирок алар өздөрүн хаастар же сагай-хаастар деп атабастан, «тадырлар», б. а., татарлар деп эле аташкан. Бул энчилүү ысым Хакасиядагы жергиликтүү калктын оозеки тилинде ушу кезге чейин айтылып жүрөт. Ошол эле учурда хакастардын топонимикасы, жалпы эле фольклору, өзүнүн «хакас» деген атын эч бир жерде атабайт. Ал гана турсун «тадырлар» менен бирге хакас фольклорунда ага чейинки жалпы аталышы – «хоорай» деген сөз кездешет, деп Ю.С. Худяков белгилүү хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаевдин эмгектерине шилтеме жасаган.

Кыргыз таануудагы чоң маселе – бир эле мезгилде “кыргыз” этнониминин бири-биринен алыс жайгашкан Түштүк Сибирде жана Теңир-Тоодо эскерилиши маселени татаалдаштыргандыгында. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жана маданий тектештиги тууралуу маселелер кыргыз тарыхында, этнографиясында, тил илиминде, археология илиминде окумуштуулар ортосунда ар кандай көз караштарды жаратып келген маселелерден.

Профессор Ю.С. Худяков кыргыз этностук тарыхы жөнүндө изилдөө жүргүзгөн авторлордун көз караштарына анализ жүргүзүп, айрымдарынын көз караштары азыркы учурда таптакыр актуалдуулугун жоготкондугун белгилейт. Профессор Ю.С. Худяков өзүнүн эмгектеринде Н.А. Аристовдун жана А.Н. Бернштамдын эрте темир доорунда, б.з.ч. I миң жылдыкта Энесай менен Теңир-Тоону жердеген учурлар, этномаданий жалпылыкты түзгөн деп айтышкан божомолдор эскирди деп эсептейт. Анын пикиринде Н.А. Аристов кытай жазуу даректеринде б.з.ч. II – I кк. жана б.з. XVIII к. окуяларды баяндаган кабарларда кезиккен айрым бир этнонимдер менен политонимдердин кыйыр үндөштүгүнө таянган. Профессор Ю.С. Худяков андай «окшоштуктарды» далилге огожо көрүү туура болбойт деп белгилейт.

Ал эми А.Н. Бернштам үчүн кыргыздар орто кылымдарда реалдуу жашаган түрк тилдүү калк эле эмес, аймактагы динлиндердин «көк көздүү, сары чачтуу» тукумдары да болуп саналган. А.Н. Бернштамдын мындай пикирине Ю.С. Худяков өз эмгектеринде, тарыхтагы динлиндер Энесайды да, Теңир-Тоону да дегеле байыр кылган эмес, алар Моңголияда жашап, тээ б.з. V к. карата гяньгундар менен «жуурулушуп» кетишкен деп жооп кылып жазган.

Заманбап археология багыты боюнча тажрыйбасы мол Ю.С. Худяков кыргыздардын IX к. Теңир-Тоого көчүп келишкенине далил катары А.Н. Бернштам сунуш кылган археологиялык табылгалардын негизиндеги

тастыктоолорго макул эместигин билдирген. Тактап айтканда, көрүстөнгө сөөк менен кошо жылкысын көмүү ырасымы да мезгил сынагынан өтө албады. Себеби Ю.С. Худяков андай эстеликтер кыргыздарга эмес, түрк тилдүү башка элдерге таандык экендигин эмгектеринде көрсөткөн. Бирок Ю.С. Худяков IX к. кыргыздардын бөлүгүнүн Энесайдан Теңир-Тоого журт которуусу тууралуу фактты четке каккан эмес.

Ю.С. Худяков каралып жаткан маселе боюнча Л.Р. Кызласовдун «Борбордук Азия кыргыздары» деп аталган башка калк азыркы кыргыздардын түпкү аталары болгон деген көз карашына макул эместигин билдирип, илимий далилдерди келтирет. Ал Л.Р. Кызласовду божомолдорун бекемдеп бере албайт деп баса көрсөтөт. Ю.С. Худяков белгилегендей, Л.Р. Кызласов «борбордук азиялык кыргыздар» деген элди ойлоп таап, бирок кайра ошол замат «борбордук азия кыргыздарынын тарыхын териштирүү биздин милдетибиз эмес» деп, аларды ара жолго таштап салган.

Ю.С. Худяков окумуштуулар С.Г. Кляшторный, А.М. Мокеев жана В.П. Мокрынин азыркы кыргыз этносунун тил, маданият жана антропологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын баштапкы байыр кылган жерлерин аныктап, алтайлыктардын антропо-лингво-маданий өзгөчөлүктөрү менен болгон окшоштуктарды белгилеп келишет да, авторлор андай окшоштуктардын жаралган мезгилин жана жерин көрсөтүшпөгөн, деп баса белгилейт. Ю.С. Худяковдун пикири боюнча азыркы алтайлыктар Тоолуу-Алтайдын түпкү тургундары болгон эмес, андыктан окшош белгилер Жуңгария менен Моңгол Алтайын камтыган бир кыйла кеңири аймактан жаралышы мүмкүн. Алардын окшоштуктары этнографиялык өзгөчөлүктөрүндө, маданиятында, фольклорунда байкалат. Азыркы кыргыз тилиндеги окшоштуктар алтайлыктарда гана эмес, Саян-Алтайдын хакас, тыва сыяктуу башка элдеринде да байкалат.

Ю.С. Худяков пикири боюнча, кыргыздар менен кимактардын маданияты IX–X кк. Обдун жана Иртыштын жака-белиндеги түзөңдүү аймактарда тогошуп, чектеш болуп турган, бирок андан «кыргыз-кимак» маданияты пайда болгон эмес. Кимактар Тоолуу Алтайды жердеген эмес. X к. кийин кимак бытырап жок болгон. Кыргыздар болсо ал кезде, б.а. XI – XII кк. Тоолуу Алтайды да мекендеп турушкан, муну алардын ошол кездеги маданиятынан калган эстеликтери далилдеп турат.

Ю.С. Худяков «Алтайда жана Иртыштын жака-белинде кимактардын кыргыздарды ассимиляциялап алганы» тууралуу С.Г. Кляшторный ж.б. токуган жоромол археологиялык табылгаларда эч тастыкталбаганын белгилейт. Ассимиляциялашкан «кимак-кыргыз урууларынын» б.з. II миң жылдыгын башталышындагы, андан соңку доорлордогу эстеликтери Теңир-Тоодон чыккан жок. Тескерисинче, тарыхый маалыматтар менен

археологиялык табылгалар б.з. II миң жылдыгы башталган мезгилде, б.а. Кимак кагандыгы кыйрап, тыйпыл болгондон кийин Иртыштын негизги калкы – кыпчактар – Теңир-Тоого эмес, батышты көздөй, Уралдын, Кара деңиздин этектерин көздөй жер оодарып көчүп кетишкен, деп Ю.С. Худяков баса белгилеген.

Өз кезинде айтылган бардык көз караштарды талдап чыгып, Ю.С. Худяков алардын ичинен, кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого кайра келиши эки баскычта жүргөн деген божомол чындыкка жакын деген тыянагын билдирген. Ага ылайык, адегенде кыргыздардын бир жамааты Энесайдан IX – X кк. Чыгыш Түркстанга жана Моңгол Алтайына көчүп келет да, алар б.з. II миң жылдыгынын башталышында энесайлык жана чыгыш теңиртоолук болуп эки этноско ажырайт. Андан соң Чыгыш Теңир-Тоо кыргыздары Теңир-Тоодон батышыраак аймактарга да жер оодарып келишет. Бул көз караштын айрым өңүттөрүн мурда В. Радлов, В.В. Бартольд айтып өтүшкөн. Аны А.Н. Бернштам да колдогон. 1960-жж. башталышынан тартып муну Ө. Караев жигердүүлүк менен жактаган. Акыркы мезгилде энесайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этногенетикалык байланыштары жөнүндөгү ушул пикир башка да тарыхчылар тарабынан колдоого алынып келет (Т.К.Чоротегин, М.Ч. Кожобеков, К. Табалдыев, О. Каратаев, О. Солтобаев, Т.А. Акеров, Г. Айнакулова, З. Садырова ж.б.).

Үчүнчү баптын үчүнчү бөлүмү **“Ю. С. Худяков – кыргыздардын согуш өнөрүн жана курал-жарактарын изилдөөнүн чебери”** деп аталат.

Энесайлык кыргыздардын аскер ишин иликтөө менен археолог Юлий Сергеевич Худяков XX кылымдын 70-жылдарынан тартып алектенген. Ю.С. Худяков маселенин канчалык деңгээлде изилденген абалын талдап чыгып, буга чейинки изилдөөчүлөрдүн салымына баа берген.

Ю.С. Худяков курал таануу тарыхын иликтөөнүн теориялык жана методикалык маселелерин, анын ичинде курал-жарактарды белгилери боюнча түрдөштүрүү жолдорун, ыкмаларын, чен бирдигин кыргыздардын жоо жарактарын изилдөөнүн негизинде иштеп чыкты.

Профессор Ю.С. Худяков эмгектеринде байыркы доордон жаңы доордун башталышына чейинки кыргыздардын аскер ишин жана курал-жарактарын мол маалыматтардын негизинде чагылдырган. Илимпоз кыргыздардын аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө VI–VIII кк. чаа-тас маданиятына олуттуу маани берип, ага таандык кыргыз жоокеринин негизги жоо жарагы алеңгир иймек жаа, жазы калкан, үч кырдуу сыр жебелер болгонун аныктаган. Жоокерлер аларды саадак кантарга салып жүрүшкөн. Аламан жапыракта, жиреме чабуулда кыргыздар сыр найза, эки миздүү кылыч, тинте, айбалта колдонушкан. Мындан тышкары кыргыздар бетме-бет уруштарда бир миздүү кыңырактарды, сабы миз жагын көздөй саал ийилген түз канжарларды

пайдаланышкан. Кыргыз жоокерлери соот кийинген, аны майда чарчы темир төңөлүктөрдөн ашташтырып жасашкан. Андан бөлөк туткалуу карыпчы, калкан алып жүрүшкөн, башына туулга кийишкен.

Профессор Ю.С. Худяков археологиялык табылгалардын, тарыхый жазма булактардын негизинде “Улуу Кыргыз дөөлөтү” дооруна таандык курал-жарактарды абдан жакшы сүрөттөгөн. Ал бул доорду “кыргыз тарыхынын жылдыз сермеген сааты” деп жогору баалаган.

Ю.С. Худяковдун маалыматына караганда, кыргыз жоокерлери татаал түзүлүштөгү жаа менен куралданган. Жаанын темир учтуу жебелери да көп түрдүү болгон. Кыргыздардын соот тешме жебелери өзгөчө өнүккөндүгү көрүнүп турат. Орто кылымдардагы жоокерлер жебени кутуларда сакташкан. Манас эпосунда жебе сактоочу куту “коломсок” деп сүрөттөлөт.

Жакынкы аралыкта согушууда – найза, чабыштарда – кылыч колдонушкан. Профессор Ю.С. Худяков кылычтардын төмөндөгүдөй түрлөрүн сунуштаган: бир миздүү ийри саптуу кылычтар, бир миздүү түз саптуу кылычтар, эки миздүү кылыч – алар сабынан, кол калканычынан, чаап, кесүүчү түз эки тараптуу мизден турат. Согуштук куралдардын дагы бир түрү – согуштук балталар (айбалта) болгон.

Профессор Ю.С. Худяковдун эмгектеринде кыргыз жоокерлердин денесин коргой турган жабдыктар тууралуу маалыматтарды кенен берилген. Коргонуу үчүн жоокерлер темир төңөлөкчөн sooтторду колдонушкан. Алар башына туулга кийишкен. Ю.С. Худяковдун пикири боюнча, Улуу Кыргыз дөөлөтү доорунда аскерлер кошумча калкандарды төшүн жана ийиндерин коргоо үчүн колдонушкан. Ал эми колдорун карапчы кийип, буттарын буткап кийип коргошкон. Жоого минчү аттарга олпок үртүк тигишкен.

“Улуу Кыргыз дөөлөтү” доорунун алгачкы жылдарында кыргыз мамлекетинде аскерий-бийлик системасы түзүлөт. Ю.С. Худяков кыргыз аскерлеринин жалпы саны 30 000 деп эсептеген. Анын пикири боюнча, Минусин ойдуңунда жашаган энесайлык кыргыздар Кыргыз кагандыгынын аскер курамында үч түмөн чогулта алмак. Калган аскерлерди кыргыздардын букаралары – көк түрк жана кыштым урууларынан түзүлгөн жеңил жасактуу жети-сегиз түмөн түзгөн.

Профессор Ю.С. Худяковдун пикирине караганда, эреже боюнча эң алгач жеңил жасактуу жоокерлер жоого кол салышкан. Жоо арасы бүлүнүп, дүрбөлөң түшкөндө же ат коюп качыра бергенде, оор жасактуу атчандар кошууну душманды көздөй куушуруп кирген.

Профессор Ю.С. Худяков IX–X кк. кыргыздар Улуу Кыргыз каганаты деген күчтүү мамлекет түзгөндүгүн, кыргыздардын аскердик өнөрүнүн жана курал-жарактарынын жогорку деңгээлде болгондугун далилдеп берди.

Кыргыз жоокерлери «сууктэр» археологиялык маданияты мезгилинде

алеңгир жаа менен куралданып, жебенин бир канча түрүн колдонушкан. Жоо сайышка киргенде кыйгагы сүйрү келген найза, каскак менен качырып тийген. Чабышкан кезде бир миздүү коросон кыңырак, ийри кылыч жана селебе колдонушкан. Мизи кууш, уңгусу жапыз айбалталарды сейрек пайдаланышкан. Бир миздүү тинтелер менен да чабышкан. Жоокерлер коргонуу максатында соот, баштарына туулга кийишип, чарайналар да колдонула баштаган. Согуштардын мүнөзү өзгөрүп, коргонуу өңүтүнө өттү.

Профессор Ю.С. Худяков монгол доорундагы кыргыз жоокерлеринин аскер ишин жана курал-жарактарынын өнүгүшүнүн комплексин өз эмгектеринде ар тараптуу изилдеген. Жаа жана жебе монгол дооорунда аскер ишинин бирден-бир маанилүү куралы катары кала берген. Профессор Ю.С. Худяковдун изилдөөлөрүнө таянсак, аталган доордо кыргыз жоокерлери татаал түзүлүштөгү жаалар менен куралданган. Жебелердин үч кыйгактуу, жалпак, ромб сымал, төрт кыйгактуу жебенин түрлөрү кезигет. Бетме-бет чабыштарда кыргыз жоокерлери найза жана кылычтарды колдонушкан. Жакын туруп чабышкан уруштарда кыргыздар бир миздүү ийри саптуу кылычтарды жана бир миздүү түз саптуу кылычтарды колдонгон. Коргонуу үчүн чарайналар колдонулган.

Ю.С. Худяков соңку орто кылым доорунда кыргыздардын аскер иши боюнча археологиялык маалыматтар жетишсиз экенин белгилеген.

## КОРУТУНДУ:

1. Ю. С. Худяков советтик археолог жана түркологдордун мыкты мектебин өздөштүрүп, постсоветтик доордо өз алдынча илимий мектеп курууга жетишкен ири окумуштуу катары иштиктүү эмгектенгендиги, анын эмгектерине карата оң сын пикирлер камтылган ири адабият аркылуу айгинеленет.

2. Залкар илимпоз, археолог жана кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегинин тарыхый жагдайларын иликтөө анын кулк-мүнөзү, башынан кечирген турмуштук сыноолор, айлана-чөйрөгө мамилеси, коомдогу макамына карата мамилеси, умтулуулары сыяктуу маселелерди ачып берүүгө өбөлгө түзөт.

3. Азыркы мезгилде байыркы жана орто кылымдарда кыргыздардын маданияты тараган аймактарды тактоо жана кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого жер которуу жолундагы кыргыз эстеликтерин табуу ишин улантуу зарыл. Бул үчүн археологиялык табылгалардан сырткары, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук булактарды да салыштырып изилдөө зарыл. Кыргыз таануу жаатындагы ургаалдуу маселелерди изилдөө кыргызстандык окумуштуулардын жана кыргыз тарыхы жана маданияты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн башка өлкөлөрдүн илимий борборлорунун кызматташтыгы менен ишке ашырылуусу шарт.

4. Кыргыз таануунун эң бир көйгөйлүү бөлүгү болуп Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жана этномаданий жалпылыктары тууралуу маселе эсептелет. Ю.С.Худяков Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздардынын этностук, этномаданий жалпылыктары бир деген көз карашын илимий негизде далилдей алган илимпоз.

5. Илимде белгилүү болгон бардык тарыхый даректерге ылайык, байыркы доордо жана орто кылымдарда Теңир-Тоодо, Алтайда жана Сибирдин түштүгүндө өздөрүн «кыргыз» деп атап, калган башка элдерге дал ушул ат менен гана таанылып, белгилүү болгон түрк тилдүү эл жашаган, деген Ю.С.Худяковдун бүтүмү башка кесиптештеринин колдоосуна ээ.

6. Профессор Ю.С. Худяков кыргыздардын аскердик тарыхын тактоодо байыркы жана орто кылымдардагы жазма булактардын, археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын, тарых жана тил илимине байланыштуу илимий монографиялар менен катар калктын тарыхый эс-тутумунда сакталган фольклордук маалыматтарды кылдат пайдаланып, изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Профессор Ю. С. Худяков кыргыз элинин аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө "Манас" эпосундагы маалыматтар менен археологиялык табылгаларды таасын салыштырып колдонгон. Ю.С.Худяков кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын гана изилдебестен, археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз жоокеринин орто кылымдардагы сөлөкөттөрүн жашаган доорлоруна жараша реконструкциялаган. Бул ыкма – тарых жана кыргыз таануу илимдери үчүн өтө маанилүү.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Ю. С. Худяковдун илимий иликтөөлөрүнүн орчун натыйжаларын заманбап окуу китептеринде жана энциклопедиялык жыйнактарда ырааттуу чагылдыруу;

2. Ю. С. Худяковдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу даректүү видео тасмаларды даярдап, интернетте ачык жарыялоо;

3. Кыргызстан менен Орусиянын илимий чөйрөлөрү үчүн данакер болуп келген Ю. С. Худяковдун чыгармачыл өнөрканасын изилдөө боюнча орусиялык жана кыргызстандык көп жылдык биргелешкен илимий долбоорлорду сунуштоо жана жүзөгө ашыруу;

4. Сибирдеги, Чоң Алтайдагы кыргыз археологиясынын жетишкендиктерин Кыргызстанда кеңири маалымдоо үчүн орусиялык сибир таануучу археологдор менен ырааттуу биргелешкен семинарларды, форумдарды Кыргызстандын университеттеринде, музейлеринде жана китепканаларында уюштуруп туруу;

5. Ю. С. Худяков 1988-жылдан тартып сунуш кылып келген комплекстүү кыргыз таануу программасынын долбоорлорун заманбап талаптарга ылайык

жакшыртып, толуктап, улам жаңы өңүттөргө багыттап жүзөгө ашырууну "Мурас" фонду, Кыргызстандын Президентине караштуу Тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссия, КР УИАсы жана башка илимий шериктер биргелешип аткаруусу абзел;

6. Профессор Ю. С. Худяковдун ишмердигине байланыштуу атайын стенддерди уюштуруу сунушун Кыргызстандагы тарых жана чөлкөм таануу жаатындагы музейлерге жолдоо;

7. Профессор Ю. С. Худяковдун чыгармаларынын көп томдугун кыргыз тилинде жарыялоону каржылоо өтүнүчү менен Кыргызстандын Мамлекеттик тил комиссиясына, "Мурас" фондуна жана кайрымдуулук көрсөткөн башка демөөрчүлөргө кайрылуу;

8. Ю. С. Худяковдун кыргыз тарыхы жаатындагы китептери менен окуу куралдарын кыргыз тилинде ырааттуу жарыялоо, анын элесине арналган илимий жана коомдук-маданий жыйындарды уюштуруп туруу; анын ысымын Кыргызстандагы шаарлардын көчөлөрүнө ыйгаруу; анын атындагы эл аралык илимий сыйлык уюштуруу.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун бала чагы жана студент кезинде илимий көз карашынын калыптанышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. 2013. Вып. 4. – Бишкек: "Университет", 2013. – 65–68-бб.
– URL: http://lib.knu.kg/files/2013/vestnik_4_2013.pdf

2. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун эмгектеринде Улуу Кыргыз дөөлөтү доорунун чагылдырылышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Бишкек: Maxprint, 2014. — 228–230-бб.

3. Алымкожоев, Ө. Ж. "Манас" эпосунда "кыргыз" этнониминин чагылдырылышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Жусуп Мамай: Заманыбыздын залкар манасчысы: Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын чыгармачылыгына арналган илимий баяндамалардын жана макалалардын топтому. – Бишкек: Maxprint, 2014. – 124–126-бб.

4. Алымкожоев, Ө. Ж. Кыргыздардын аскер ишинин Ю.С.Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы (IX-X кк.) [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Көөнөрбөс издер: III эл аралык илимий тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Бишкек: Maxprint, 2014. – 286–289-бб.

5. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун эмгектерине Өмүркул

Караевдин көз карашы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Кыргыздын туңгуч чыгыш таануучусу, профессор Өмүркул Караевге (1930–2002) 85 жыл: (Макалалар). – Бишкек: Maxprint, 2015. — 11–14-бб.

6. Алымкожоев, О. Ж. Ю. С. Худяков: О происхождении кыргызов [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // Актуальные научные исследования в современном мире: Сб. науч. тр. – Переяслав-Хмельницкий, 2015. – Вып. 1, ч.1. — С. 3–6. – URL: https://lib.udau.edu.ua/bitstream/123456789/2757/1/2015

7. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун Кыргызстан жаш тарыхчылар жамааты менен чыгармачылык байланыштары [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // "Кыргызстан" Демократиялык Кыймылы: Эгемендик менен демократия үчүн күрөштүн башаты. – Бишкек: Maxprint, 2015. — 25–27-бб.

8. Алымкожоев, Ө. Ж. История кыргызов Саяно-Алтая и Центральной Азии в исследованиях Ю. С. Худякова [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // Инновации в науке. Новосибирск: Изд. АНС «СибАК», 2015. №9 (46). — С.43–48. – URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=24246339

9. Алымкожоев, Ө. Ж. Орто кылымдардагы кыргыздардын аскер ишинин Ю.С.Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Куттуу билим жана мамлекет: Карахандар доорунун залкар ойчулу жана акыны Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Бишкек: Maxprint, 2015. — 249–252-бб.

10. Алымкожоев, Ө. Ж. Кыргыздардын курал-жарактарынын "Манас" эпосунда жана Ю. С. Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // «Манас» жана кыргыз салты эл аралык илимий талкуу жыйындын жыйнагы. – Үрүмчү, 2015. – Шинжаң "Манас" изилдөө борборунун басылмалары, № 21, № 2. – 493–500-бб.

11. Алымкожоев, Ө. Ж. Кыргыз тарыхына барандуу салым кошкон илимпоздор: Б.Я. Бутанаев жана Ю.С.Худяков [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Энесайлык данакер этнограф: Хакас элинин чыгаан этнографы, тарых илимдеринин доктору, профессор Виктор Яковлевич (Астайбек) Бутанаевдин 70 жылдык маарекесине арналган жыйнак. – Бишкек: Maxprint, 2016. — 44-48-бб.

12. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун эмгектеринде атчан аскерлердин чагылдырылышы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Жусуп Мамай жана кыргыз элинин манасчылык салты: Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын (1918-2014) элесине арналган III эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Жалал-Абат мамлекеттик университети. – Бишкек: Maxprint, 2016. — 260–264-бб.

13. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун кыргыз айдыңдары менен кызматташтыгы жана Кыргызстанга кадр даярдоодогу көмөгү [Текст] /

Ө. Ж. Алымкожоев // Арноо. Көрүнүктүү кыргыз таануучу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун 70 жылдыгына арналган илимий жыйнак. – Бишкек: Турар, 2017. – 26–32-бб.

14. Алымкожоев, Ө. Ж. Кыргыз жоокеринин соңку орто кылымдардагы курал-жарагы [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Жусуп Мамай жана түрк калктарынын эпостору. Кыргыз Республикасынын Баатыры, манасчы Жусуп Мамайдын чыгармачыл мурасына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйын. Баяндамалар жана макалалар жыйнагы. – Бишкек: Maxprint, 2017. –102–105-бб.

15. Алымкожоев, Ө. Ж. Ю. С. Худяковдун эмгектеринде кыргыздардын этностук тарыхынын изилдениши. “Кызласовдук жоромолду” четке кагуу [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Билим жана тарбия: Науч. журнал Восточн. ун-та им. Махмуда Кашгари-Барскани. — Бишкек, 2017. — № 3(24). — 139–141-бб.

16. Алымкожоев Ө. Ж. Саян-Алтай, Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый, этностук-маданий жалпылыгынын изилдениши [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2018. – Атайын чыгарылыш (2). – 71–76-бб.

17. Алымкожоев, Ө. Ж. Белгилүү кыргызтаануучу Ю. С. Худяковдун ишмердүүлүгүн жана анын эмгектерин чагылдырган булактар [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Тарыхчы жана публицист Т. Чоротегиндин (Чороевдин) 60 жылдык маарекесине арналган “Кыргыз таануу маселелери: Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин” аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындын материалдары. – Бишкек,: Турар, 2019. – 37–41-бб.

18. Алымкожоев, О. Ж. Изучение вооружения кыргызов и других кочевников Южной Сибири и Центральной Азии в средневековый период в трудах Ю. С. Худякова [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // “Тюрко-монгольский мир Большого Алтая: историко-культурное наследие и современность”, материалы первого международного Алтаистического форума. – Барнаул: Изд-во АГУ, 2019. – С. 73–75. – URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=39583157

19. Алымкожоев, О. Ж. Вклад профессора Ю. С. Худякова в изучение кыргызоведения [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. – 2020. – №1 (21). – С. 5–7. – URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=42554992

20. Алымкожоев, Ө. Ж. Монгол доорундагы кыргыздардын аскер ишинин Ю.С.Худяковдун эмгектеринде изилдениши [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Актуальные научные исследования в современном мире. Журнал. – Переяслав, 2020. – Вып. 1-3 (57), – С. 78–82.
– URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=43913512

21. Алымкожоев, Ө. Ж. Улуу Кыргыз дөөлөтү доорундагы кыргыздардын аскер ишинин жана курал-жарактарынын Ю. С. Худяковдун эмгектеринде

изилдениши [Текст] / Ө. Ж. Алымкожоев // Актуальные научные исследования в современном мире: Журнал. – Переяслав, 2020. – Вып. 1-3 (57). — С. 71–77. – URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=43913511

22. Алымкожоев, О.Ж. Юлий Геккер: Жизнь мыслителя и педагога, оборванная в годы сталинских чисток [Текст] / О. Ж. Алымкожоев, Т. К. Чороев (Чоротегин) // Universum Humanitarium. – Новосибирск, 2021. – №1. – С. 116–132. – URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=47600172

23. Алымкожоев, О.Ж. Юлий Худяков –русский кыргызовед: история семьи [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // Российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы. – М., 2021. – №4(41), – С.1-4. – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47969697

24. Алымкожоев, О.Ж. Основные этапы жизни и научной деятельности Юлия Сергеевича Худякова [Текст] / О. Ж. Алымкожоев // российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы. – М., 2021. – №4(41), – С.5-12. – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47969698

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин “Орусиялык археолог Ю. С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Ю.С. Худяков, кыргыз таануу, Борбордук Азия, Түштүк Сибирь, Теңир-Тоо, Чоң Алтай, кыргыздар, курал-жарактар, аскер өнөрү, көчмөндөр, этностук жүрүмдөр, археология, инсан таануу.

**Изилдөөнүн объекти**: чыгаан окумуштуу, профессор Юлий Сергеевич Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, курал-жарак таануу, этнология, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган жалпы илимий эмгектери.

**Изилдөөнүн предмети:** профессор Ю.С.Худяковдун археолог, курал-жарак таануучу, этнолог жана башка өңүттөрдөгү көп тарамдуу ишмердигине баа берүү жана анын кыргыз таануу илимине кошкон салымын ар тараптуу талдоо.

**Изилдөөнүн негизги максаты:** профессор Ю.С. Худяковдун (1947—2021) өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдөө, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон салымын тактап көрсөтүү.

**Изилдөө ыкмалары:** тарыхыйлуулук, биографиялык, үй-бүлөнүн тарыхын калыптандыруу ыкмасы, тарыхый-салыштырмалуулук, хронологиялык, структуралык-функционалдык, тарыхый-типологиялык ж.б. ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** профессор Ю.С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги заманбап

Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденди; Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С. Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды; Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, маданий жана башка тарыхый жалпылыктары Ю.С. Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилденди; Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон бараандуу салымына алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде баа берилди.

**Колдонуу тармагы:** Диссертациянын материалдары Кыргызстандын тарыхы жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Сибирь чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди, заманбап окуу китептерин даярдоого көмөк берет. Ошондой эле, алар Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнаамасы курстарын жана инсан таануу боюнча атайын дарстарды окутууда кошумча колдонмо катары пайдаланылышы мүмкүн.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Алымкожоева Омурбека Жумадиловича на тему: “Вклад российского археолога Ю. С. Худякова в кыргызоведение” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** Ю. С. Худяков, кыргызоведение, Центральная Азия, Южная Сибирь, Тенгир-Тоо (Притяньшанье), Большой Алтай, кыргызы, вооружение, военное искусство, кочевники, этнические процессы, археология, личностноведение.

**Объект исследования:** Общие научные труды выдающегося ученого, профессора Юлия Сергеевича Худякова по археологии, кыргызоведению, оружиеведению, этнологии, культурологии и другим научным отраслям.

**Предмет исследования:** Оценка многогранной деятельности профессора Ю.С. Худякова в области археологии, оружиеведению, этнологии и других областях, а также всесторонний анализ его вклада в кыргызоведени

**Цель исследования:** Исследование ключевых моментов жизни и творческой деятельности профессора Ю. С. Худякова (1947–2021), определение его вклада в современное кыргызоведение.

**Методы исследования:** Были использованы историзм, биографический метод, метод формирования семейной истории, историко-сравнительный, хронологический, структурно-функциональный, историко-типологический и др. методы.

**Научная новизна исследования:** впервые в современной кыргызской историографии на диссертационном уровне были специально исследованы вопросы происхождения, основные моменты жизни и научной деятельности

профессора Ю. С. Худякова; проанализированы, через призму научных взглядов и выводов профессора Ю. С. Худякова, новые вехи в исследовании средневековой этнической истории енисейских и тенгир-тооских кыргызов, военного дела и вооружения кыргызов и др. научные проблемы; были исследованы этнические, культурные и другие исторические общности кыргызов Енисея и кыргызов Тенгир-Тоо на основе анализа работ Ю. С. Худякова; впервые на диссертационном уровне, была дана оценка огромному вкладу Ю. С. Худякова в современное кыргызоведение.

**Область применения:** Материалы диссертации могут быть полезны в написании учебников и обобщающих работ по истории Кыргызстана, по общей и специальной истории регионов Центральной и Внутренней Азии, Тенгир-Тоо (Притяньшанья) и Сибири. Также они могут быть использованы в качестве дополнительного учебного пособия при преподавании курсов историографии по средневековой истории Кыргызстана и спецкурсов по личностноведению.


**SUMMARY**

**of the dissertation by Omurbek Jumadilovich Alymkojoev entitled "The Contribution of the Russian Archaeologist Yuliy S. Khudyakov to the Kyrgyz Studies" for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty of 07.00.02 – National history**

**Key words:** Yuliy S. Khudyakov, Kyrgyz Studies, Central Asia, South Siberia, Tengir-Too (Tian-Shan), Greater Altai, Kyrgyz, Weapons, Military Art, Nomads, Ethnic Processes, Archeology, Personality Studies.

**Object of research:** General scientific works by the outstanding scholar, Professor Yuliy Sergeevich Khudyakov on archeology, Kyrgyz studies, weaponry studies, ethnology, cultural studies and other scientific branches.

**Subject of research:** Comprehensive analysis of the multifaceted activities of Professor Yuliy Sergeevich Khudyakov in the field of archeology, weaponry and other academic areas, as well as a widespread assessment of his contribution to the Kyrgyz Studies.

**Purpose of the research**: The study of the key moments of the life and creative activity of Professor Yuliy Sergeevich Khudyakov (1947–2021), the determination of his contribution to modern Kyrgyz studies.

**Research methods**: Historicism, biographical method, family history formation method, historical-comparative, chronological, structural-functional, historical-typological etc.

**The scientific novelty of the research:** For the first time in modern Kyrgyz historiography at the dissertation level, the issues of origin, the main points of the

life and scientific activity of Professor Yuliy S. Khudyakov were specially studied; analyzed, through the prism of scientific views and conclusions of Professor Yu.S. Khudyakov, new milestones in the study of the medieval ethnic history of the Yenisei and Tengir-Too Kyrgyz, military affairs and weapons of the Kyrgyz, and other scientific problems; the ethnic, cultural and other historical communities of the Kyrgyz of the Yenisei and the Kyrgyz of Tengir-Too were studied based on the analysis of the works by Yu.S. Khudyakov; for the first time at the dissertation level, an assessment was given to the huge contribution by Yu.S. Khudyakov to modern Kyrgyz studies.

**The practical significance of the results:**

The dissertation materials can be useful in writing textbooks and generalizing works on the history of Kyrgyzstan, on the general and special history of the regions of Central and Inner Asia, Tengir-Too (Tian-Shan) and Siberia. They can also be used as an additional teaching aid when teaching historiography courses on the medieval history of Kyrgyzstan and special courses on personality studies.

Өлчөмү 60х84 1/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1,8 б.т. Нускасы 150
Басууга кол коюлду 20.01.2022ж.

Бишкек ш., Раззаков көч. 49
“Аракет принт” басмаканасынан басылды